

## Кыргыз Республикасынын Баатыры, космонавт Салижан ШАРИПОВ:

# "Космоско дагы учам деген ниет бар"

**Өткөн жылдын 14-октябрында космонавт жердешибиз, эларалык экипаждын командири Салижан Шарипов "Союз ТМА-5" космостук кораблинде америкалык астронавт Лерой Чиао жана россиялык космонавт Сергей Шаргин менен космоско учурулган эле. Алдын ала белгиленгендей, жарым жылдан кийин аман-эсен жерге конушту. Узак учуудан кийин туулган жерине эс алууга келген С.Шариповду кепке тарттык.**

***-Салижан Шакиржанович, алты айдан ашык убакыт космос мейкиндигинде болуп, эми туулган жериңизде өзүңүздү кандай сезип жатасыз?***

-Мен туулган жериме өзгөчө сагыныч менен келдим. Туугандарым менен бир болгум келет. Баарынан да космос мейкиндигинде көргөн Өзгөндүн тоо-ташын жөө басып, аралап келүү планымда бар.

***-Космоско учуунун түйшүгү кайра жерге конгондо да кайталанабы?***

-Көккө көтөрүлгөндө кандай даярдыктарды көрсөк, түшкөндө да ошондой болду. Биз эки күн уктабай даярдандык. Түн ичинде түшө баштадык. Себеби, кичине жерде (кабинада) тике туралбайсың, кыймылдоо да кыйын, өтө этияттыкты талап кылат. Биздин ар бир аткарган ишибизди атайын адистер текшерүүдөн өткөрүшөт. Аман-эсен конуу, станцияны тапшыруу биздин биринчи милдетибиз.

Аркалыктын түндүк тарабына кондук. Ошондо Караганда аэродромунда иштеген жалалабаттык, өзгөндүк жигиттер бар экен.

Эми өзүм илимдер академиясына барып, тартып келген сүрөттөрдү тапшырып, атайын адистер менен жолугушам деген максатта турам.

***-Анда Сиз жыл сайын барып эс алган экологиясы өтө таза, кооз Карашоронун да сүрөттөрүн тартып келипсиз да...***

-Албетте, өзүм туулган Өзгөндүн жолдорунан баштап, тоо-таштарына чейин сүрөтүн алып келдим.

кыргыз тилинде куттуктадым. Мурда саналуу гана учурларда өз үй-бүлөбүз менен сүйлөшүп турчубуз. Бул сапар биздин кемеде жаңы интернет телефон болуп, күндө үй-бүлөм, туугандарым менен сүйлөшүп турдум. Бул мага моралдык колдоо болду.

***-Космоско эмнелерди алып чыктыңыз?***


-Жеке өзүбүз үчүн жүктүн салмагы 800 грамм, ашып кетсе 1 кг жүк алып чыгууга уруксат бар.



рындан тамак даярдалат. Ар бир даярдалган тамагыбызга сөзсүз түрдө үстүнө сыр салып, плитага коюлат. Саналуу убакыттан кийин даяр болот. Жашылчалардын шириндиктеринен паста даярдалып берилет.

***-Салижан Шакиржанович, сиздер аткарган эксперименттер атайын адистер тарабынан жогору бааланып, салмагы оор болуп, жыйынтыгы чыгаар кез келди...***

-Оюңузду түшүндүм. Биз аткарган иштер жөнүндө атайын адистер даярдаган документтер Россия Федерациясынын Президентине тапшырылган. Ийги-



ликтин эрте-кечи болбойт дегендей, мен өзүм максат кылган тилегиме жеттим. Эң негизгиси 193 күн ичинде көптөгөн күтүлбөгөн окуялар болду. Анын баарын өтө жоопкерчилик менен аткардым. Өз ишимин өтөөсүнөн чыгып, станцияны эсен-аман тапшырдым. Өз билимимди көрсөтө алдым. Мекен алдында жүзүм жарык.

***-Сиз Жаңы жылды, кесиптик майрамыңызды космосто тостуңуз. Алгачкылардан кимдер куттуктаашты?***

-Мага 12-апрель "Космонавттар күнүн" космосто тосуу бакты-

## Куттук!

***Урматтуу Курманбек Салиевич! Сизди Кыргызстан Калк Ассамблеясынын Ош бөлүмү жана президиуму Кыргыз Республикасынын Президенти болуп шайланышыңыз менен чын жүрөктөн куттуктайт.***

***2005-жылдын 10-июлунда өткөн бүт элдик шайлоо мурдагы шайлоолордон өзүнүн таза, адилеттүү өтүшү, ага көп улуттуу Кыргызстан элдеринин өз ыктыярдуулугу менен жогорку активдүүлүктө катышкандыктары менен айырмаланды. Биздин элибиз Сиз үчүн добуш берүү менен өздөрүнүн жаңы демократиялуу Кыргызстанды тандап алууга татыктуу экендиктерин демонстрациялай алышты.***

***Сизге дайыма бекем ден соолукту, бакты-таалайды, турмуштун бардык чөйрөсүндө жана баарыбыз үчүн эң кымбат болгон Кыргызстандын өсүп-өнүгүшүндө чоң ийгиликтерди каалайбыз.***



**А.САПАРБАЕВ,**
*Кыргызстан Калк Ассамблеясынын Ош бөлүмүнүн төрагасы*

## Камкордук

тык, өзгөндүк жигиттер бар экен.

Куткаруучулар менен бирге барышыптыр. Кабинадан чыгараар замат башыма калпак кийгизишти. Бул мага кутүүсүз жолугушуу болду. Эки сааттан кийин Москвага Жылдыздар шаарчасына алып барышты.

***-Жерге конгондо эс алууңуздар кандай болду?***

-Алгач медициналык кароодон өткөн соң, ден соолугубузду калыбына келтирүү үчүн Италияга жөнөттү. Бизден эч ким бара элек экен. Болания тоосундагы минералдык суусу, балчыгы (ылай) бар Бони-Де-Ромению курортуна бардык. Ал жерде дарыгерлердин көзөмөлүндө болуп, ден соолугубузду калыбына келтирип, эс алып келдик. Андан кийин Жер Ортолук деңизинде жайгашкан Сардиния аралында эс алдык.

***-Эл аралык космостук станциясындагы 10-экспедициясынын экипажынын командири катары кандай иштерди аткардыңыз?***

-Учуунун өзү чоң сыноо. Көптөгөн эксперименттерди жасоо тапшырмасы турду. Биздин кемебиз станцияга жеткенде жалгашпай калды. Себеби, кемебизде жаңы кыймылдаткычтар орнотулган эле. Ар кандай авариялык абалдан сактоо үчүн ачык космоско чыгып иштөөгө туура келди. Ошондо, запастык кыймылдаткычты иштеттик. Бардык тапшырмаларды аткардык.

***-Эгер жашыруун болбосо, өз мекениңиз Кыргызстан үчүн кандай иштерди аткардыңыз?***

-Кыргыз жеринин тоо-ташы, кар-суулары б.а. баардыгын сүрөткө алып түштүм. Учканга чейин Кыргыз илимдер академиясындагы адистер менен экология тармагы боюнча карлар, тоолор, суулар боюнча тапшырма берүү жөнүндө сүйлөшүлгөн эле. Учарга жакын телефон аркылуу көп жолу байланышка чыктык. Бирок, алар тарабынан мага жооп болбоду. Ушул эс алуу учурунда тартып алган сүрөттөгү тоолорду салыштыруу менен жөө кыдырып, байкоо жүргүзөм. Буга чейин кайсы жерде кендер бар экендиги такталган. Дагы бир ирет так сүрөттөрүн алып түштүм. Бул сүрөттөрдөн адистер пайдаланып, көптөгөн илимий ачылыштарды жасаса болот.

***-Салижан Шакиржанович, биз менен болгон маегиңизде космонавттарда атайын аппараттар бар, өз үйлөрүн эшигине чейин көрө алат, мен көп убакытка учсам өз үйүмүн эшигин жана мунаранын алдында эмне бар экенин көрүп келем деген элеңиз, көрө алдыңызбы?***

-Мунара жөнүндө көп кызыгаар элем. Көрүп, ар тарабынан сүрөткө алып түштүм. Мага өтө кызыктуу болду. Албетте, өзүм чоңойгон үйдү да көрдүм. Ошентип, бир күндө өз мекеним Өзгөндөн эки жолу өтүп жаттым.

Баса, Карадарыя суусу Чымбай тарапка көбүрөөк оол агып жатканы жөнүндө Матлюба эжеме айттым. Өтө коoптуу деп билдирген элем. Ар бир өзгөрүштү өз көзүм менен көрүп, кайсы аймак кооптуу экенин байкадым. Арапа, айт күндөрү досторума, туугандарыма байланышка чыгып, "Мен азыр Мекке, Мединанын тушундамын 1,5 минуттада Өзгөндө болом" деп, айткан элем. Туугандарым, досторум «Тынчтык» паркына чыгышып, карап турушуптур. Асман да көпкөк, туптунук болуп турду. Жылдыз өчүп жангандай сенин кемеңдин жарыгы да күйүп-жанып жылып бара жатканын көрдүк дешти.

***-Сиз түз байланыш аркылуу жердештериңизди "Жаңы жыл" майрамы менен, экс-президент Аскар Акаевди 60-жылдык юбилейи менен кыргыз тилинде куттуктадыңыз. Мурда да ушундай түз байланыштар болду беле?***

-Кыргыз тилин үйрөнүү үчүн Матлюба эжем менен "саламатсызбы?" деп сөз баштаар элем. Ошентип, кыргызстандыктарды Кыргызстандын Туусун, куран китепти, Бишкек шаарынын эмблемасын алып чыктым.

Биздин тынымсыз иштерибизди аткарып жатып, угуп эс алуу үчүн токойдогу куштардын сайрагандары, деңиздеги толкундардын дабышы тартылган кассеталарды алып чыгып, угуп жаттык.

***-Космосто сиз аткарган оор да, татаал да эксперименттерден башка да эсте калаарлык окуялар болдубу?***

-Түшөөргө жакын Гульнур Сатылганованын аткаруусунда мага арналган "Жердешим" деген ырды, түз байланыш аркылуу угузушту. Мага чоң дем берди. Космос мейкиндигинде туруп, мага арналган ырды угуу кандай бакыт. Бир туугандарым, ошол ырдын клиби бар, анда сен жүрөсүң, биз да көрүп абдан толкундандык дешти.

Ырдаган Гульнурга да, текстин жазган акынга да өтө чоң рахматымды билдирем.

***-"Космонавттар суусуз, тамак-ашсыз калыптыр" - деген сөздүн канчалык деңгээлде чындыгы бар?***

-Суу жана нан азыктарыбыз бизге чейин эле аз калган экен. Январ айында азык-түлүк түгөндү, сууну үнөмдүү пайдаландык. Ал эми ширindиктер көп болчу. Бизге тапшырылган эл аралык программаны аткаруу үчүн абдан чыдамкайлык менен иштедик. Азык-түлүк, суунун жетишсиздигинен улам биздин кайтуубузду сунушташты. Бирок, Чиао экөөбүз бир пикирге келип, иштөөнү чечтик. Ал эми бизге азык-түлүк жеткирүүчү кораблин көп убакыттан кийин кабыл алдык. (Күлүп) Ошондо, бир жашык тоок этин бир ай жедик.

***-Космонавттардын тамактануусуна окурмандар көп кызыгышат. Тамак-ашты кандай даярдайсыздар?***

-Дарыгерлердин сунушу боюнча 10 күнгө меню түзүлөт. Кадимки эле оливка майына өз татымына жараша туз, кант, томат пастасын кошуп даярдайбыз. Эттен, козу карын күнүн" космосто тосуу бактысы туш келди. Адамзат тарыхында биринчи жолу ачык космоско чыккан А.Леонов менен В.Терешкова, коргоо министрлиги куттукташты. Биз майрамды иштеп тостук. Ал жерден жылдыздарды көрүү өтө кызык. Андагы кооз түстөрдү айтуу өтө кыйын. Ошол жерде кесиптик майрамды тосуу эсте калаарлык болду.

***-Дагы космоско учуу тилегиңиз бардыр?***

-Албетте, ден соолукту чыңдап, көптөгөн эс алуудан кийин эмнеге учууга болбосун. Дагы учам деген ниетим бар.

***-Эмки аткараар ишиңиз?***

-Космонавттардын командирлер группасында болгондон кийин, сөзсүз жаш космонавттарга жардам беришибиз керек. Алар менен иштешибиз зарыл. Космонавттар катарына эки казакстандык жигит кошулду.

***-Кыргыз Республикасынын Президентинин милдетин аткаруучу К.Бакиев менен Улуу Жеңиштин 60 жылдыгында жолугушканыңарды телевидениеден көрдүк. Ага чейин жолугуштуңуздар беле.***

-Премьер-министр болуп иштеп турганда Жылдыздар шаарчасында болгон. Кыргызстандын келечеги, көптөгөн маселелер жөнүндө сүйлөшкөн элек. Бишкекке келгенде да жолугушуп, сүйлөштүк. Мен ага көптөгөн ийгиликтерди каалаарымды билдирдим.

***-Кыргызстандын келечеги жөнүндө эмнелерди айтаар элеңиз?***

-Мындай абалдан 4-5-жылда чыгып кетүү кыйын. Бирок, бир адамдын колунан келбеши бышык. Биримдикте, ынтымак-ырашкерликте, чогуу-чараан иштеп гана ийгиликке жетээрибиз турган иш. Биздин мамлекетибиздин келечеги кең, жалаң ийгиликтер жаралышына ишенем.

**Маектешкен**
**Динара ЖУСУПБЕКОВА,**
**Манас ЖАКЫПОВ (фото)**

# 100 тонна буудай – муктаж болгондорго

Быйыл аба-ырайынын кургакчыл болгонунан улам республикабыздын түштүк региондарындагы бир катар райондордо дан эгиндеринин түшүмү болбой калды жана андагы жашоочуларга тез арада жардам көрсөтүү зарылчылыгы туулду. Абал мындай болгон соң, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн буйругу менен Ош облусунун Каракулжа районунун Алайкуу, Кызылжар, Ойтал айыл өкмөттөрүнө КР Өкмөтүнүн алдындагы мамлекеттик сатып алуу жана материалдык резервдер боюнча Мамлекеттик комиссиянын резервинен 100 тонна азык-түлүк данын бөлүп берүү жөнүндө чечим кабыл алынды.

Бул акция бир жолку гуманитардык жардам катары кайтарымсыз берилүүдө. КР Экология жана өзгөчө кырдаалдар министрлиги бул гуманитардык жардамдын биринчи партиясын жеткирүүнү баштады, бул 30 тонна буудай. Жакынкы күндөрдө дандын калган бөлүгү аталган айыл өкмөттөрүнө жеткирилип, өтө муктаж болгондорго райондук мамлекеттик администрациянын комиссиясынын айыл өкмөт башчылары менен биргеликте түзүлгөн тизмеси менен бөлүнүп берилет.



**М.МАМАТОВ,**
***КР Экология жана өзгөчө кырдаалдар министрлигинин пресс-кызмат башчысы***